# КЫРГЫЗ ТИЛИ 7-КЛАСС ВАРИАНТ № 2

**Аты-жөнү:**__________________________________

2020

**№ 1.** Таандык мүчө уланган сөздү белгилеңиз.
**а)** китепте **б)** китебиң
**в)** китептен **г)** китептин

**№ 2.** ***Чеке тери … тамаар.*** Сүйлөмдү тууранды сөз менен толуктаңыз.
**а)** күчөп **б)** суктанарлык
**в)** катуу-кату **г)** тып-тып

**№ 3.** **Угулду.** Сөзгө мүнөздүү иш кагазынын түрүн белгилеңиз.
**а)** отчет **б)** акты
**в)** чогулуштун токтому **г)** кулактандыруу

**№ 4.** ***Мен бул көйнөктү сатып алдым. Жөн эле кийип жүрүү үчүн. Кандай экен?*** Сүйлөмдүн стилин белгилеңиз.
**а)** жазма **б)** оозеки кеп
**в)** илимий **г)** публицистикалык

**№ 5.** ***Төмөндөн беш-алты адамдын карааны көрүндү.*** Асты сызылган тактоочтун түрүн белгилеңиз.
**а)** сан-өлчөм **б)** орун
**в)** мезгил **г)** сын-сыпат

**№ 6.** Татаал сөз катышпаган сүйлөмдү белгилеңиз.
**а)** Кечинде мектеп залынан оюн-күлкү жаңырды.
**б)** АКШ – дүйнөдөгү эң ири өнүккөн өлкө.
**в)** Машина көчөнүн чаңын ызгытып өттү.
**г)** Бул киши райононун инспектору болуп иштейт.

**№ 7.** Сүйлөмдөргө мүнөздүү кептин түрүн белгилеңиз.
***Эмне үчүн мага жай айы жагат? Анткени, бул эң жылуу, кооз мезгил.***
**а)** баяндоо **б)** көркөм стиль
**в)** ой жүгүртүү **г)** сүрөттөө

**№ 8.** Шилтеме ат атоочторду белгилеңиз.
**а)** өз, өзүбүз, өзүңөр, өзү
**б)** Ким? Качан? Кайсы? Эмне?
**в)** мен, сен, ал, биз
**г)** бул, тиги, ушул, ошол

**№ 9.** ***Токтогулдун кулагына алда кимдин ышкырыгы угулду.*** Сүйлөмдөгү ат атоочту белгилеңиз.
**а)** алда кимдин
**б)** ышкырыгы
**в)** Токтогулдун
**г)** кулагына

**№ 10.** Сүйлөмдөгү ат атоочтун аткарган милдетин белгилеңиз.
***Бизди жыйналышка чакырды.***
**а)** баяндоочтук **б)** аныктоочтук
**в)** ээлик **г)** толуктоочтук